Күмүштү алтынга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Буудайды буудайга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Арпаны арпага алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Курманы курмага алмаштыруу сүткордук болот. Бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес

Малик бин Аус бин Хадасан айтат: Мен жанымдагыларга кайрылып: Ким мага алтын теңгелерди күмүш акчага алмаштырып берет? - деп сурадым. Талха бин Убайдулла: Алтындарыңды бизге (берчи) көрөлү, анан кийин кызматчыбыз келгенде келсең, сага күмүш акча беребиз - деди. Ал жерде Умар бин Хаттаб да турган. Ал: Жок, мындай болбойт. Аллахка ант болсун, сен ага акчаны дароо беришиң керек, же алтындарын кайтарып бересиң. Анткени Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындай деген: "Күмүштү алтынга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Буудайды буудайга алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Арпаны арпага алмаштыруу сүткордук болот, бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес. Курманы курмага алмаштыруу сүткордук болот. Бирок колмо-кол болсо эч нерсе эмес".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Таабийиндердин бири Малик бин Аус айтат: Анда алтын динарлары болгон. Ал динарын күмүш дирхамга алмаштырмакчы болот. Талха бин Убайдулла ага: Алтындарыңды бизге бер, карап көрөлү - деп, анан аны ала турган болгондон кийин: Бизди күтө тур, кызматчыбыз келгенден кийин келсең күмүш акчаларды сага беребиз - дейт. Бул отурушта Умар (Аллах андан ыраазы болсун) да отурган. Ал мындай соодалашууну четке кагып, Аллахка ант берип, Талханы күмүш дирхамдарды дароо берүүгө же алтындарын кайра кайтарып берүүгө буйруйт. Анан мунун себебин түшүндүрүп, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) алтынды күмүшкө же күмүштү алтынга соода кылганда дароо колмо-кол алуу важиб экенин айтканын, эгер мындай болбосо, арам сүткордук болорун, мындай соода жараксыз экенин эскерткенин айтат. Алтынды күмүшкө же күмүштү алтынга соода кылганда колмо-кол соода кылып кабыл кылып алуу керек. Ошондой эле буудайды буудайга, арпаны арпага, курманы курмага соода кылганда, өзүндөй, салмагын,

өлчөмүн бирдей кылып колмо-кол соода кылуу керек. Булардын бирин да кийинкиге калтырып насыя соода кылууга болбойт. Ошондой эле колмо-кол өткөрүп алмайынча ажырап кетүүгө болбойт.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5889